21- март Алыкул Осмоновдун туулган күнүнө карата **“Алыкул Осмоновду окуйбуз”** акциясы Кыргыз Республикасынын Улуттук Алыкул Осмонов атындагы китепканасында 2022-жылы 16-17-мартта өткөрүлдү.




Кыргыз поэзиясынын түркүн кереметин аздектеп, сүйүп окуп, аны менен бирге эле акындын ырларын көркөм окуп **“Алыкул балдардын көзү менен”** деген темада сүрөт-долбоору уюштурулуп, акындын чыгармасынын негизинде, сахналаштырылган сценка коюлду.Бул акцияга Автордук физика-математикалык мектеп лицей окуу комплексинин 11-Ж классынын окуучулары: **Осмонов Аман “Мен кеме” “Я корабль”** орус тилинде, **Рахматиллаев Азам “Ата Журт”** англис тилинде, **Эгембердиев Шабдан “Ата Журт”, Нуралиев Баяс “Өзүмдү өзүм”, Кадыркулов Сайид “Сүйгөн жарга”, Абдылдаев Бакай “Оорулуу акын”**, 9-Г классынын окуучусу, **Дүйшөнбиева Айсулуу “Эненин күчү”**, 11-Е классынын окуучусу **Рзаев Ильхам “Отуз жаш”** деген ырларды көркөм окушту жана иш чарага активдүү катышышты.





Иш чара АЛЫКУЛ ФОНДУнун жетекчиси жана Улуттук китепканын жамаатынын демилгеси менен уюштурулду.

Балдар**“Алыкул балдардын көзү менен”** деген теманы ачып берип, сүрөт долбоорун ишке ашырган окуучулардын сүрөттөрү китепкананын Чыңгыз Айтматов залында көргөзмөгө коюлуп, ага келген коомдук ишмерлер, акын- жазуучулар шаардан жана региондордон келген мугалимдер , мектеп окуучулары БГУнун,  КМУУнун окутуучулары жана студенттери күбө болушту жана жогорку баа беришти.




Мезгил жана Алыкул


БАР БОЛОЛУ, ТҮГӨНБӨЙЛҮ КУРДАШТАР,
УЗАК, УЗАК, УЗАК БОЛСУН САПАР
КЫЛЫМ БҮТҮП, ДҮЙНӨДӨН ЖОК БОЛСОК ДА,
КАЙРА КАЙТЫП ЖОЛУГУШЧУ ЖОЛДОР БАР.













Замананын залкар акыны- Алыкул Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгын тереңдетип окуп, билип,

аны жайылтууга салым кошкондугу үчүн окуучулар “Ыраазычылык каттар”, дипломдор менен сыйланышты. Ошондой эле мектептин директору Низовский Ю.Н. жана кыргыз тили мугалими Рыскелдиева Н.Ага ыраазычылык каттар тапшырылды.




БАР БОЛОЛУ, ТҮГӨНБӨЙЛҮ КУРДАШТАР,
УЗАК, УЗАК, УЗАК БОЛСУН САПАР
КЫЛЫМ БҮТҮП, ДҮЙНӨДӨН ЖОК БОЛСОК ДА
КАЙРА КАЙТЫП ЖОЛУГУШЧУ ЖОЛДОР БАР.


БАР БОЛОЛУ, ТҮГӨНБӨЙЛҮ КУРДАШТАР,
УЗАК, УЗАК, УЗАК БОЛСУН САПАР
КЫЛЫМ БҮТҮП, ДҮЙНӨДӨН ЖОК БОЛСОК ДА,
КАЙРА КАЙТЫП ЖОЛУГУШЧУ ЖОЛДОР БАР.






ДИПЛОМ
ЫРААЗЫЧЫЛЫК
КАТ